Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңеши Апышова Базаргүл Токтосуновнанын "Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясына бекиткен эксперттердин баштапкы документтерди текшерүү

# АКТЫСЫ

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24. 700 диссертациялык кеңеши бекиткен эксперттер - филология илимдеринин доктору, доцент А. У. Акынбекова, филология илимдеринин доктору, профессор М. А. Атакулова жана филология илимдеринин доктору, профессор М. И. Мирзахидова изденүүчү Апышова Базаргүл Токтосуновнанын "Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясынын төмөнкү баштапкы документтерин текшерүүдөн өткөрүштү:

1) кандидаттык диссертациянын киришүү, үч бап, корутунду, колдонулган адабияттардан турган кол жазмасын;

2) кыргыз жана орус тилдериндеги авторефераттардын кол жазмаларын;

3) диссертацияда колдонулган 225 адабиятты;

4) изилдөөнүн материалдары жана булактары катары жалпы саясий терминдердин теориялык маселелери, атап айтканда, коомдук саясий лексика, саясий терминология жана алардын изилдениши, байыркы, Орто кылымдардагы жана Совет дооруна чейинки түрк жана кыргыз тилдериндеги саясий терминдер, жогорку саясий бийлик субъекттеринин жана объекттеринин аталыштары, кыргыз тилиндеги мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери, саясий терминдердин жасалуу жолдору өңдүү өзөктүү маселелер изилдөө ишиндеги башкы максатка ылайык тандалып алынган. Мындан тышкары ар доордогу мамлекеттик башкаруу системасын чагылдырган саясий тезаурустун лексика-семантикалык тобунда жогорку бийликти өзөк, ортоңку бийликти борбордук бөлүк, ал эми төмөнкү даражаларды (титулдарды, наамдарды) перифериялар түзөрү белгиленип, жогорку саясий бийлик субъекттери менен объекттерин туюнткан лексикалык

бирдиктерге семантикалык жана этимологиялык анализ жасалып, тиешелүү жыйынтыктар чыгарылгандыгын;

5) Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган 10 илимий макаласын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары индекстелген системага кирген (РИНЦ) басылмаларга - 3 макаласын; КР УАКтын рецензияланган илимий мезгилдүү басылмаларынын тизмесине киргизилген – 7 макаласын;

6) Изилдөөнүн негизги жоболору жана андан алынган натыйжалар боюнча республикалык, регионалдык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда апробациядан өткөн баяндамаларынын кол жазмаларын.

Эксперттик курамдын баштапкы документтерди текшерүүдөн өткөргөндөн кийинки

## КОРУТУНДУСУ

Апышова Базаргүл Токтосуновнанын "Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери" деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган кандидаттык диссертациясынын баштапкы документтерин текшерүүнүн жыйынтыгы диссертациялык изилдөө изденүүчүнүн жеке өзү тарабынан аткарылгандыгын көрсөттү. Баштапкы документтердеги маалыматтар диссертациянын максат, милдеттери менен шайкеш келет.

Ф.и.д., доцент — А. У. Акынбекова

Ф.и.д., профессор — М. А. Атакулова

Ф.и.д., профессор — М. И. Мирзахидова

*Диссертациялык кеңештин эксперттеринин колун тастыктайм*:

Окумуштуу катчы — С. К. Каратаева

*Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысынын колун тастыктайм:*

КБнын башчысы — А. Жайнакова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ